Жактырылды
ЖАМУнун окумуштуулар кеңеши
токтом № 9
23.05 2025-ж.

Бекитем
ЖАМУнун ректору
проф.К.Ж.Усенов
_______________
________ 2025-ж.

**“Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети” илимий-билим берүү өндүрүштүк комплексине жалпы республикалык тестирлөөнүн жыйынтыгы боюнча талапкерлерди тандоо жана каттоо тууралуу гранттык комиссиянын ЖОБОСУ.**

Бул жобо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006-жылдын 2-июнундагы №404-токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларына мамлекеттик билим берүү гранттары үчүн студенттердин окуусу тууралуу Жобосуна” жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 27-майындагы №256 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасынын кесиптик жогорку билим берүү мекемелерине мамлекеттик билим берүү гранттарынын жыйынтыгы боюнча кабыл алуу жана тандоо жөнүндөгү” жобосуна, КРнын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 28-мартындагы № 157 токтомунун жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-июнундагы №355 “Кыргыз Республикасынын жогорку жана кесиптик орто билим берүү чөйрөсүндөгү ченемдик укуктук актыларын бекитүү жөнүндө” токтомунун негизине ылайык жана ЖАМУнун уставынын негизинде иштелип чыкты.

## 1. Жалпы жоболор

1.1 Бул жобо “Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети” илимий-билим берүү өндүрүштүк комплексине (мындан кийин ЖАМУ) жалпы республикалык тестирлөөнүн (ЖРТ) жыйынтыгы боюнча мамлекеттик билим берүү грантына (грант) далалаттанган талапкерлерди тандоону жана каттоону жөнгө салат. Бул жободо төмөнкү терминдер колдонулат:

- Кыргыз Республикасынын жождоруна (мындан кийин КР) кабыл алуу конкурсуна катышуунун автоматташтырылган маалыматтык системасы (мындан ары – “КР ЖОЖдоруна онлайн кабыл алуу” АМС) - бул учурдагы жылдын ЖРТ натыйжасы боюнча Кыргыз Республикасынын жождоруна онлайн режиминде каттоо жана кабыл алуу порталы.
- Электрондук талон – бул "КР ЖОЖдоруна онлайн кабыл алуу” АМС аркылуу онлайн түрүндө берилген буйрутма.

## 2. Гранттык комиссия

Тестирлөөдөн өткөн абитуриенттерди республиканын ЖОЖдоруна объективдүү жана ачык-айкын конкурстук негизде тандоону жана киргизүүнү камсыз кылуу максатында ЖАМУда көз карандысыз гранттык комиссиялар (мындан ары - комиссия) түзүлөт. Анын курамына төмөнкүлөр кирет:

- ЖАМУнун ректору (комиссиянын төрагасы);

- билим берүү башкармасынын борбордук же региондук органынын өкүлү;

- тестирлөөнүн натыйжасында конкурстук кабыл алуу жүргүзүлүүчү адистик же багыт боюнча ЖАМУнун ар бир факультетинин жетекчилигинин бирден өкүлү.

ЖАМУнун администрациясы комиссияны конкурсту өткөрүү жана абитуриенттерди конкурстун жүрүшү жана анын жыйынтыктары жөнүндө маалымдоо үчүн бардык керектүү шарттар менен камсыз кылат.

Комиссиянын милдеттерине төмөнкүлөр кирет:

17. Гранттык комиссиянын милдеттерине төмөнкүлөр кирет:

- ар бир даярдоо багыты жана адистиктери боюнча конкурска катышуу үчүн катталгандардын саны жөнүндө протоколдорду түзүү;

- конкурска катышкан абитуриенттердин рейтингдик тизмесин түзүү;

- абитуриенттердин ар бир категориясы боюнча ЖОЖго кабыл алууга сунушталган абитуриенттердин тизмесин түзүү;

- ЖОЖго кабыл алууга каалоосун ырастаган жана ЖОЖго кабыл алууга сунушталган абитуриенттердин тизмесин белгиленген форма боюнча тестирлөөнүн жыйынтыгын ырастоо үчүн КТКга берүү.

- абитуриенттердин ар бир категориясы боюнча ЖОЖго кабыл алууга сунуш кылынган абитуриенттердин тизмесин түзүү;

- жогорку окуу жайына кирүүнү каалаган жана жогорку окуу жайына кирүүгө сунуш кылынган абитуриенттердин тизмесин белгилеген форма боюнча тестирлөөнүн натыйжасын ырастоо үчүн КТКга өткөрүп берүү;

- конкурстун жүрүшү жана анын натыйжалары жөнүндө стенддеги маалыматтарды күн сайын жана оперативдүү жаңылап туруу.

Комиссия өз милдеттерин маалымдуу жана ачык аткарат. Комиссиянын жыйындарына эл аралык жана өкмөттүк эмес уюмдардан жана жалпыга маалымдоо каражаттарынан байкоочулар катышууга укуктуу.

2.1. ЖАМУга талапкерлерди тандоо жана каттоо учурдагы жылдын ЖРТ натыйжасы боюнча «Абитуриент онлайн» автоматташтырылган маалыматтык системасы боюнча www.2020.edu.gov.kg сайты аркылуу жүргүзүлөт.

Грант алуу конкурсуна негизги тест боюнча КР ББИМи белгилеген чек баллынан жогору балл алган абитуриенттер киргизилет. Абитуриенттердин милдеттүү түрдө аскердик кызмат өтөөгө чейин тапшырган ЖРТ натыйжалары 3 жыл бою күчүндө болот.

Кабыл алуу конкурсун билим берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган белгилеген тартипте бир гана on-line режиминде өткөрүүгө жол берилет.

2.2. Билим берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы абитуриенттердин конкурска катышуусу үчүн каттоо өткөрүлүүчү убакытты жарыялайт.

Абитуриент ар бир турда АМС аркылуу гранттык окутууга конкурска катышуу үчүн бир өтүнмө жана наркын төлөө келишими боюнча окутууга катышуу үчүн бир өтүнмө берүүгө укуктуу.

2.3. Тандоого жана кабыл алууга конкурска катышуу үчүн абитуриент өтүнмөнү АМС аркылуу аралыктан режиминде өз алдынча же ЖОЖдун кабыл алуу комиссиясы аркылуу бере алат.

2.4. АМС онлайн режиминде төмөнкүлөрдү түзөт:

- ар бир категория боюнча өзүнчө абитуриенттин идентификациялык номерин жана анын алган баллынын санын көрсөтүү менен абитуриенттердин катарлашкан тизмесин;

- ошол күнгө карата Абитуриенттердин категориялары жөнүндө нускамада көрсөтүлгөн категориялар менен алар боюнча мамлекеттик билим берүү гранттарын пайыздык бөлүштүрүүнүн ортосундагы пайыздык катышты (тиркеме).

2.5. Ар бир турда конкурска катышуу үчүн абитуриенттерди каттоо 2,5 календардык күнгө, абитуриенттерди каттоонун үчүнчү календардык күнү саат 14.00гө чейин созулат.

Сунушталган абитуриенттердин ошол багыт боюнча окууну каалоосун ырастоосу 3 күнгө, ар бир турдун алтынчы күнү саат 16.00гө чейин созулат.

Акыркы турдан кийин кошумча сунушталган абитуриенттердин ошол багыт боюнча окууну каалоосун ырастоосу ЖОЖ тарабынан сунушталган учурдан баштап 24 саатка созулат. 24 саат өткөндөн кийин, эгерде абитуриент окууну каалоосун ырастабаса, гранттык комиссия талапкерлердин катарлашкан тизме боюнча кийинки талапкерлерди кабыл алууга сунуштайт. Бул жол-жобо акыркы тур бүткөндөн кийин үч жумуш күндүн ичинде жүргүзүлөт.

2.6. Абитуриенттердин төмөнкү категориялары (ырастоочу документтери болсо) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан жыл сайын ушул категориядагы адамдар үчүн бекитилүүчү гранттык орундардын квотасынын чегинде конкурстун негизинде ЖОЖго кабыл алынат:

- I, II топтогу майыптар;

- бала кезинен ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдар;

- жетим балдар жана ата-энесинин камкордугусуз калган балдар;

- этностук кыргыздар;

- 2002-жылдын 17-18-мартында Жалал-Абад облусунун Аксы районунда, 2010-жылдын апрель-июнунда жана 2021-жылдын апрелинде болгон окуялардын кесепетинен каза болгон адамдардын балдары;

- кайрылман статусуна ээ болгон адамдар.

Абитуриенттин жогоруда саналган категорияларга таандык экендигин ырстоочу санариптештирилген документтер АМСга тиркелүүгө тийиш, маданият жана искусство, дене тарбия жана спорт багыттарына жана адистиктерине талапкер болгон абитуриенттер ЖОЖдун кабыл алуу комиссиясына ырастоочу документтерди тапшырат.

ЖОЖдун гранттык комиссиясы абитуриенттердин жеке арыздарынын негизинде даярдоо багыттары жана адистиктери боюнча квотаны конкурстук

негизде бөлүштүрөт. Арыз ЖОЖго гранттык орундар бөлүнгөн даярдоо багытына же адистикке конкурска катышуу үчүн берилиши мүмкүн. Жогоруда көрсөтүлгөн категориялар үчүн багытталган квоталар толук талап кылынбаган учурда, алар тандоонун жана кабыл алуунун акыркы турунда ЖОЖдун гранттык комиссиясынын чечими боюнча башка абитуриенттердин ортосунда жалпы шарттарда бөлүштүрүлүшү мүмкүн.

2.7. Гранттык орундарга конкурстан сырткары төмөнкүлөр кабыл алынат:

- ЖРТнын негизги тестинин жыйынтыгы боюнча үстүбүздөгү календардык жылы эң жогорку балл топтогон абитуриенттер тандаган мамлекеттик ЖОЖдорго ошол ЖОЖдордо ишке ашырылуучу каалаган адистиктерге жана даярдоо багыттарына. Ушул категориядагы абитуриенттерди кабыл алуу үчүн гранттардын саны 50дөн ашпоого тийиш. Ушул категориядагы абитуриенттерди кабыл алуу ыйгарым укуктуу орган тарабынан абитуриенттердин жеке арыздарынын негизинде жүзөгө ашырылат;
- учурдагы календардык жылы мектеп окуучуларынын республикалык олимпиадасында 1-орунду, 2-орунду, 3-орунду ээлеген же эл аралык олимпиадалардын байге ээлери болгон абитуриенттер олимпиаданын предметине дал келген адистиктерге жана багыттарга, абитуриенттердин тандоосу боюнча, алар ЖРТга катышкан жана босоголук баллга барабар же андан жогору баллды алган шартта;
- учурдагы жылы "XXI кылымдын интеллектуалдары" республикалык конкурсунда 1-орунду ээлеген жеңүүчүлөр, 2 жана 3-орундарды ээлеген байге ээлери болуп саналган абитуриенттер конкурстун номинациясы дал келген техникалык профилдеги адистиктерге жана багыттарга, абитуриенттердин тандоосу боюнча, алар ЖРТга катышкан жана босоголук баллга барабар же андан жогору баллды алган шартта;
- "Алтын тамга" сертификатына ээ болгон абитуриенттер, алар ЖРТга катышкан жана босоголук баллга барабар же андан жогору баллды алган шартта;

ЖАМУга онлайн кабыл алуу АМСи онлайн режимде түзөт:

- абитуриенттердин идентификациялык номери жана алар жыйнаган баллдардын ар бир категория боюнча өзүнчө ажырымдалган тизмеси;
- бул жобого тиркелген абитуриенттер категориялары жана алар боюнча мамлекеттик билим берүү гранттарын пайыздык бөлүштүрүү жөнүндө нускамада көрсөтүлгөн ошол күндөгү категориялар ортосундагы катыш.

**3. ЖАМУга талапкерлерди тандоо жана каттоо механизми.**

3.1. ЖАМУга абитуриенттерди күндүзгү жана сырттан окуу бөлүмүнө окуу акысын төлөө боюнча конкурс менен тандоо жана каттоо учурдагы жылдын ЖРТ натыйжасы боюнча «Абитуриент онлайн» автоматташтырылган маалыматтык системасы боюнча 2020.edu.gov.kg. сайты аркылуу жүргүзүлөт.

3.2. ЖАМУга абитуриенттерди тандоо жана кабыл алуу эки түрдө өткөрүлөт. Ар бир кийинки тур толбогон гранттар болсо өткөрүлөт, тандоонун жана кабыл алуунун үчүнчү туру КР ББИМдин уруксаты менен өткөрүлөт. Экинчи жана үчүнчү тур башталганга чейин бош орундар тууралуу маалымат

ЖАМУнун онлайн кабыл алуу” АМСна, сайттарга, маалымат тактайларына илинет, басма сөздө жарыяланат же абитуриенттер арасында башкача түрдө таратылат. Бардык турларда тандоонун жана кабыл алуунун эрежелери бирдей
3.3. Абитуриенттердин сертификаттарынын электрондук жана кагаз талондорун жыйноо абитуриенттердин каттоонун үчүнчү күнү саат 14тө аяктайт.
3.4. Мөөр басылган урналар гранттык комиссиянын бардык мүчөлөрүнүн жана байкоочулардын катышуусу менен ачылат. Жождун гранттык комиссиясынын мүчөлөрү сертификаттардын кагаз жана электрондук талондорунун саны жөнүндө протокол түзөт жана ага кол тамга коюшат.
3.5. ЖАМУнун гранттык комиссиясы тиркеменин Инструкциясында көрсөтүлгөн категориялар боюнча ар бир адистикке конкурска катышып жаткан талапкерлердин социалдык категорияларынын пайыздык катышын эсептейт жана алар боюнча мамлекеттик грантты бөлүштүрөт.
3.6. Каттоодон эң жогорку жана көбүрөөк балл алган талапкерлер өтүүгө тийиш. Тандоонун жыйынтыгы боюнча гранттык комиссия каттоого сунуш кылынган талапкерлердин тизмесин түзүшөт жана ага комиссия мүчөлөрүнүн бардыгы кол коюшат.
3.7. Кошумча предметтик тесттерден өтүүнү талап кылган адистиктерге катталуу конкурсуна жана грант алууга негизги жана кошумча тесттерден алган баллдары КР ББИМ тарабынан аныкталган чектөө баллына барабар же андан өйдө болгон гана талапкерлер катыша алышат. Бул адистиктерге конкурс негизги жана кошумча предметтик тесттердин баллдарынын суммасы боюнча жүргүзүлөт. Эгерде бул сумма эки же андан көп талапкерлерде болуп калса, анда кимисинде предметтик тесттин баллы жогору болсо, приоритет (басымдуулук) ошол талапкерге берилет.
3.8. Кабыл алууга сунушталган абитуриенттердин тизмеси кийинки күнү саат 10:00гө чейин ЖАМУнун онлайн кабыл алуу АМСке, сайтка жана маалымат тактайына илинүүсү зарыл.
3.9. ЖАМУга кабыл алууга сунушталган абитуриент 3 күндүн ичинде өзүнүн окууга болгон каалоосун тастыктоо үчүн кабыл алуу комиссиясына төмөнкү документтерди тапшыруусу зарыл:
- паспорту же туулгандыгы тууралуу күбөлүк;
- ЖРТ сертификатынын түп нускасы;
- жалпы орто билими жөнүндө аттестатынын, орто кесиптик билими жөнүндө дипломунун түп нускасы же анын көчүрмөсү;
- аскердик билет же аскердик каттоо күбөлүгү;
- тийиштүү сандагы сүрөт.

ЖРТнын жыйынтыгы боюнча ЖАМУнун АМС аркылуу документтерди электрондук түрдө тапшыргандан кийин, абитуриенттерди студенттеринин катарына кабыл алууга уруксат берилет. Абитуриент окуу жылынын башталышында документтердин түп нускаларын жана тиешелүү сүрөттөр санын университеттин кабыл алуу комиссиясына тапшырышы керек.
3.10. ЖАМУда окууну каалаган талапкерлердин тизмесине ЖАМУнун гранттык комиссиясынын төрагасы кол коюш үчүн, ал тизме каттоонун бардык турлары аяктагандан кийин, талапкерлердин алган баллдарынын чындыгын тастыктоо максатында Көз карандысыз тестирлөө кызматына (КТК) жөнөтүлөт. КТК тарабынан тастыктоо 2 күндө берилет.

3.11. КТК тарабынан тастыкталган тизме талапкерлерди студенттикке каттоо жөнүндө буйрук даярдоо үчүн ЖАМУнун администрациясына берилет жана маалымат дубалына илинет.
3.12. ЖАМУнун гранттык комиссиясы гранттар боюнча окутууга каттоонун жыйынтык эсеп-кысабын (отчетун) КР ББИМине 15-сентябрга чейин берет.

## 4. Талапкерлерди максаттуу кабыл алууну уюштуруу

4.1. ЖАМУ жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарынан адистерди максаттуу даярдоого арыздарды алып, КР ББИМ менен макулдашып, бекитилген гранттык кабыл алуу планынын чегинде, адистиктер боюнча максаттуу даярдоого бөлүнгөн орундардын саны тууралуу чечим кабыл алат.

4.2. Алынган чечим жөнүндө ЖАМУ жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарына кабарлайт жана алар менен конкурстук негизде максаттуу кабыл алуу боюнча келишимдерди түзүшөт (жок дегенде экиден адам).

4.3. Ар бир адистикке максаттуу кабыл алуу боюнча орундардын саны документтерди алуу башталганга чейин бир ай мурун белгилүү болот жана сөзсүз коомчулукка маалымдалат.

4.4. Максаттуу орун саны документтерди кабыл алууда, тандоо турлары өткөрүлгөндө жана каттоо учурунда көбөйтүлбөйт.

4.5. Максаттуу орундарга быйылкы жылы ЖРТга катышкан жана чектөө баллынан өйдө балл алган, ошондой эле жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарынан жолдомо алып келген талапкерлер катыша алышат. Талапкерлердин бул категориясы үчүн КР ББИМ өзүнчө чектөө баллын коюп бере алат. Каттоого көбүрөөк балл алган талапкерлер сунушталат.

4.6. Максаттуу орунга кабыл алынган студентти кийин сөзсүз жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органына тиешелүү территорияга жумушка чегерүү жөнүндө студент, ЖАМУ жана жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органынын ортосунда үч тараптуу келишим түзүлөт.

4.7. Эгерде ЖАМУ менен келишим түзгөн тараптар максаттуу орундарга багытталган конкурсту камсыздай алышпаса, анда гранттык комиссия аларга бөлүнгөн орунду азайтууга милдеттүү жана бул жөнүндө министрликке жана максаттуу орундарга кабыл алынуучуларга кабарлашат. Максаттуу кабыл алуунун бардык процедуралары гранттык комиссиянын протоколдору менен ишке ашырылат.

4.8. Максаттуу орундарга конкурстан өтпөй калгандар окутуунун каалаган формасына жалпы конкурстук негизде катыша алышат.

4.9. Тандоонун жана кабыл алуунун үчүнчү турунан кийин да толбой калган максаттуу орундар, жалпы конкурска катышып жаткандарга ыйгарылат.

## 5. Жыйынтыктоочу жоболор

5.1. ЖАМУнун гранттык комиссиясы тарабынан талапкерлерди тандоо жана каттоо боюнча процедуралар бузулган учурда, талапкер же байкоочу КР ББИМне арыз менен кайрылууга укуктуу. Региондордо арыздар менен КР ББИМнин регионалдык структураларына кайрылышат. КР ББИМ өкүлдөрү келип түшкөн арызды тез жана көз карандысыз карашат. Арызды кароонун жыйынтыгы жазуу жүзүндө 3 күндүн ичинде арыз берүүчүгө жеткирилет.

инновациялар министирлигинин өкүлдөрү келип түшкөн арызды тез жана көз карандысыз карашат. Арызды кароонун жыйынтыгы жазуу жүзүндө 3 күндүн ичинде арыз берүүчүгө жеткирилет.

**Талапкерлердин категориялары жана алар боюнча мамлекеттик билим берүү гранттарын пайыздык бөлүштүрүүнүн**
**КӨРСӨТМӨСҮ**

1. Грант алууга далалаттанган талапкерлер (конкурстан тышкары студенттикке катталууга укуктуу талапкерлерден башкасы) төмөнкү категорияларга бөлүнүшөт:

- Бишкек шаарынан орто жана кесиптик орто окуу жайларын бүтүргөн талапкерлер;
- Облассттык борборлордон (Ош ш., Жалал-Абад ш., Нарын ш., Баткен ш., Каракол ш., Талас ш.) жана кичи шаарлардан (Балыкчы ш., Чолпон-Ата ш., Кара-Балта ш., Чүй – Токмок ш., Кант ш., Кара-Көл ш., Кара-Суу ш., Кызыл-Кыя ш., Майлуу-Суу ш., Сүлүктү ш., Өзгөн ш., Исфана ш., Көк-Жаңгак ш., штп. Миңкуш, Таш-Көмүр ш., Шопоков ш., Токтогул ш.) орто жана кесиптик орто окуу жайларын бүтүргөн талапкерлер;
- Айылдык мектептерди бүтүргөн талапкерлер;
- Кыргыз Республикасынын бийик тоолуу аймактарында жайгашкан орто окуу жайларды бүтүргөн талапкерлер;
- Максаттуу орундардын конкурсуна катышуучу талапкерлер;
- Жеңилдетилген шарттагы талапкерлер (I-II тайпадагы майыптар, согуштун катышуучулары жана майыптары, жетим-майып балдар, ата-энесинен кароосуз калгандар, аскер кызмат мөөнөтүн өтөп бошотулгандар жана запастагы аскер кызматкерлери, Кыргыз Республикасынын спорт чеберлери, Кыргыз Республикасындагы эл аралык класстагы спорт чеберлери.

2. Максаттуу орундун конкурсуна катышкан талапкерлердин категориясынан башка категориядагы талапкерлердин (жеңилдетилген шарттагы) % дык катышы - ар бир турда сертификаттын айрылма талондорун жыйноо аяктагандан кийин, ар бир адистик үчүн – ЖАМУнун кабыл алуу комиссиясы төмөнкү формула аркылуу эсептеп чыгарат:

$$\text{Социалдык категория үлүшү} = \frac{N_{к}}{N_{жалпы}} * \text{кабыл алуунун планы}$$

$N_{к}$ – тиешелүү категориядагы талапкерлер саны

$N_{жалпы}$ – конкурска катышуучу талапкерлердин жалпы саны

**Кабыл алуу комиссиясынын жооптуу катчысы** **Төлөнов Э.Н.**